КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН ТЕНИРИ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
ХАН ТЕНИРИНСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

Хан Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 28-чакырылышынын уюштуруу сессиясынын

# Т О К Т О М №2

**2024-жылдын 20- февралы** **Ново-Вознесеновка айылы**

**Хан Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин Жобосун бекитип мамлекеттик каттоодон өткөрүү жөнүндө**

"Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24 Жарлыгы менен бекитилген пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө Убактылуу жобону жетекчиликке алып жергиликтүү кенеш **токтом кылат :**

1. "Хан Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенеши" мекемеси Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24 Жарлыгы менен бекитилген пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндөгү Жобонун негизинде төрт айылдык кенештеринин (Ак-Булуң, Ак-Чий, Боз-Учук, Жыргалаң) бириккендигине байланыштуу түзүлгөн "Хан Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенеши" мекемесинин Жобосу бекитилсин жана каттоодон өткөрүлсүн.
2. жергиликтүү кеңештин уюштуруу-укуктук формасы – мекеме.

жергиликтүү толук фирмалык аталышы:

— Мамлекеттик тилде: "Хан Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши" мекемеси;

— Расмий тилде: Учреждение "местный кенеш Хан Тенирин ского айыльного аймака";

Айылдык кеңештин кыскартылган фирмалык аталышы:

— Мамлекеттик тилде: " Хан Теңири жергиликтүү кеңеши" м-и;

— Расмий тилде: У-е " Хан Тенirинский местный кенеш ";

2.2. Мекеменин жайгашкан жери (юридикалык дареги): Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Ак- Суу району, Ново-Вознесеновка айылы, Арык Мырза көчөсү, үй №61.

3. Ак-Чий, Ак-Булун, Боз-Учук, Жыргалаӊ айыл өкмөттөрүнүн өткөрүп берүү актылары бекитилсин.
4. “Хан Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенеши” мекемесин Ысык-Көл област тык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы айылдык кенештин жооптуу катчысы З.Дюшембиевага милдеттендирилсин.

Мамлекеттик каттоо жөнүндө чечимде андагы көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтерди маалыматтардын анык экендиги ырасталат.

**Төрага** **Алымжан уулу Исламбек**